**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

КАБЫЛ АЛЫНДЫ
Жусуп Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин
отурумунда
2025-жылдын "25" апреля
№ 8 протоколу

БЕКИТЕМИН
Жусуп Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
ректору
_______________ Д.Т. Чонтоев
2025-жылдын "___" __________

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Бозжол" философиялык изилдөө борбору жөнүндө**

**ЖОБО**

Бишкек шаары – 2025-жыл

**I. Жалпы жоболор**
**II. "Бозжол" ФИБдин укуктук макамы**
**III. "Бозжол" ФИБдин максаттары, милдеттери жана ишинин түрлөрү**
**IV. "Бозжол" ФИБдин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги**
**V. "Бозжол" ФИБдин түзүмү, башкаруусу жана ишин уюштуруусу**
**VI. "Бозжол" ФИБдин бюджеттен тышкаркы ишинин экономикалык негизи**
**VII. "Бозжол" ФИБдин мүлкү жана финансы-чарбалык иши**
**VIII. "Бозжол" ФИБди жоюунун же кайра уюштуруунун тартиби**
**IX. "Бозжол" ФИБ жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби**

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо 2023-жылдын 8-августундагы "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, 2023-жылдын 11-августундагы "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 369 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" Уңгужолунун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин укуктук ченемдик актыларынын, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары – Ж.Баласагын атындагы КУУ) Уставынын таянымдарынын (принциптеринин) негизинде жана жогоруда баяндалгандарга ылайык иштелип чыккан.

1.2. Ушул Жобо Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Бозжол" философиялык изилдөө борборунун (мындан ары – "Бозжол" ФИБ) ишинин укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктайт.

1.3. "Бозжол" ФИБ классикалык университеттик билимдүүлүктүн жана илимий-гуманитардык маданияттын эң маанилүү багыты катары философиялык билим чөйрөсүндө ишти жүргүзөт.

1.4. "Бозжол" ФИБ өз ишинде Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын, Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларын жана усулдук материалдардын, уюштуруу-тескеме документтерин жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.5. "Бозжол" ФИБ өзүнүн аталышы жазылган жана Ж.Баласагын атындагы КУУга тиешелүүлүгүн көрсөткөн логотибине, мөөрүнө жана бланкына (ар бири мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде) ээ.

1.6. "Бозжол" ФИБдин толук расмий аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин "Бозжол" философиялык изилдөө борбору";
- расмий тилде: "Центр философских исследований "Бозжол" Кыргызского национального университета имени Жусупа Баласагына";
- англис тилде: "Bozjol" Center of Philosophical Studies of the Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn".

1.7. "Бозжол" ФИБдин кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Бозжол" ФИБ";
- расмий тилде: "ЦФИ "Бозжол";
- англис тилде: "Bozjol" CPS".

1.8. "Бозжол" ФИБдин дареги: Кыргыз Республикасы, 720010, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 180 а.

## II. "Бозжол" ФИБдин укуктук макамы

2.1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунун 2025-жылдын 6-мартындагы № 6 протоколунун жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун 2025-жылдын 12-мартындагы № 130 буйругунун негизинде түзүлгөн "Бозжол" ФИБ Ж.Баласагын атындагы КУУнун изилдөө жана билим берүү түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.

2.2. "Бозжол" ФИБдин ишин материалдык-финансылык камсыздоо булактары болуп

Ж.Баласагын атындагы КУУнун чыгымдарынын бекитилген сметасына ылайык Ж.Баласагын атындагы КУУнун бюджетинин каражаттары; "Бозжол" ФИБдин изилдөө жана билим берүү ишинен түшүүчү каражаттары; "Бозжол" ФИБдин долбоорлоруна катышкан башка академиялык жана билим берүү мекемелеринин каражаттары; илимий-техникалык жана окуу-усулдук продукцияны сатуудан, илимий-техникалык жана окуу-усулдук кызматтарды көрсөтүүдөн түшүүчү каражаттары, коомдук жана илимий фонддордон түшүүчү каражаттары; жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары жана максаттуу салымдары; жеке жана юридикалык жактар тарабынан акысыз негизде берилген демөөрчүлүк каражаттар жана гранттар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар эсептелет.

2.3. "Бозжол" ФИБдин иши күнүмдүк жана перспективдүү пландаштыруунун, кызматкерлердин өздөрүнө жүктөлгөн кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн жеке жоопкерчилигинин жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинин жеке тапшырмаларынын негизинде жүргүзүлөт.

2.4. "Бозжол" ФИБ дагы өз ишин Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин, ошондой эле эл аралык жана региондук уюмдардын академиялык, изилдөө жана билим берүү мекемелери, коомдук жана коммерциялык уюмдары менен кызматташуу жөнүндө келишимдерге жана макулдашууларга ылайык жүргүзөт.

## III. "Бозжол" ФИБдин максаттары, милдеттери жана ишинин түрлөрү

3.1. "Бозжол" ФИБдин ишинин максаттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- гуманитардык, маданий, билим берүү, агартуу, илимий жана башка социалдык жактан маанилүү чөйрөлөрдө Кыргызстандын прогрессивдүү жана жаратмандуу өнүгүүсүнө көмөктөшүү;
- кыргыз коомунда моралдык-адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктарга негизделген интеллектуалдык маданияттын улуттук салттарын калыптандырууга көмөктөшүү;
- маданий мурастарды сактоо жана чыңдоо, кыргыз элинин руханий жана маданий баалуулуктарын, үрп-адаттарын жана салттарын андан ары өнүктүрүүгө жана өз ара байытууга жигердүү көмөктөшүү;
- кыргыз элинин маданиятынын негизинде жарандарды руханий-адептик жактан тарбиялоонун сапатын андан ары жакшыртуу, элдик салттарды кайра жандандыруу, руханий жактан бай жана адептүү инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү процессине көмөктөшүү;
- философиялык билимди жана билим берүүнү инновациялык өнүктүрүү;
- классикалык академиялык салттын контекстинде, ошондой эле маданияттар аралык жана дисциплиналар аралык контекстте жаңы билимдерди түзүү үчүн негиз катары фундаменталдык изилдөөлөрдү өнүктүрүү;
- студенттер менен профессор-окутуучулук курамдын изилдөө иштерин активдештирүү;
- студенттерди, аспиранттарды жана профессор-окутуучулук курамды изилдөө иштерине тартуу жолу менен университет тарабынан даярдалган адистердин сапатын жогорулатууга көмөктөшүү;
- жүргүзүлүүчү философиялык изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу, аларды сыноо;
- изилдөө иштердин натыйжаларын окуу процессине киргизүү;
- тарбиялоо жана билим берүү милдеттерин чечүүгө философиялык изилдөөлөрдүн таасирин күчөтүү;
- ата мекендик жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары, илимий-изилдөө мекемелери жана философиялык проблемалар жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү маселелер менен алектенген адистер менен байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү;
- илимий жана билим берүү түзүмдөрү, коомдук уюмдар, жарандык коомдун институттары жана эксперттик коомдоштук, эл аралык жана региондук уюмдар, донордук мекемелер жана башка уюмдар менен ички жана тышкы байланыштарды жүргүзүү.

3.2. "Бозжол" ФИБдин милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- философиялык ойду өнүктүрүүнүн контекстинде, ошондой эле коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар жаатында изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- окутуунун активдүү формаларын, анын ичинде билим берүү, илим, маданият, спорт жана башка иш чөйрөлөрдүн өкүлдөрүнүн квалификациясын жогорулатуу курстарын өткөрүү;

- философиялык ойду өнүктүрүүнүн актуалдуу темалары жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар боюнча илимий-билим берүү иш-чараларды (лекцияларды, семинарларды, тегерек столдорду, конференцияларды, симпозиумдарды, жолугушууларды жана башкаларды) даярдоо жана өткөрүү;

- тышкы илимий-изилдөө жана билим берүү байланыштарды өнүктүрүү, философиялык изилдөөлөр жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар чөйрөсүндө ведомстволор аралык жана региондор аралык кызматташууну түзүү;

- философия жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар жаатында изилдөө жана билим берүү программаларын жана долбоорлорун тартуулоо (презентациялоо) жана аларды жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу;

- басма иштер (илимий эмгектерди, монографияларды, жыйнактарды, журналдарды, брошюраларды, жарнак жана башка басма материалдарын басып чыгаруу).

3.3. Иштердин түрлөрү:

- Изилдөө иши:

- философия жаатында фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- заманбап коомдун өнүгүүсүнүн башка актуалдуу гуманитардык проблемаларын изилдөө.

- Илимий-билим берүү иши:

- фундаменталдык теориялык иштеп чыгууларга жана колдонмо усулдарга негизделген, философия жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар жаатында өз алдынча изилдөө уюштурууга жана жүргүзүүгө жөндөмдүү болгон жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого көмөктөшүү;

- ишинин негизги түрлөрүнүн жааттары боюнча лекцияларды, семинарларды, коллоквиумдарды, конференцияларды, симпозиумдарды уюштуруу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун лицензиялык багыттары боюнча кесиптик жана кошумча билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырууга катышуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун аспиранттары, илимий даражанын талапкерлери жана студенттери тиешелүү практикадан өтүү үчүн базаны камсыздоо;

- ар түрдүү мамлекеттик жана коомдук илимий-билим берүү уюмдары менен кызматташуунун жаңы формаларын өнүктүрүү;

- Кыргыз Республикасынын, Борбордук Азия регионунун өлкөлөрүнүн жана башка чет мамлекеттердин илимий турмушуна, ата мекендик жана чет өлкөлүк уюмдардын гранттык изилдөө жана билим берүү программаларына жана долбоорлоруна катышуу.

- Илимий-маалыматтык иш:

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун Интернет-ресурсунун алкагында адистештирилген маалыматты даярдоо;

- "Бозжол" ФИБдин базасында ишинин негизги түрлөрүнүн жааттары боюнча академиялык изилдөөлөрдүн маалымат банкын түзүү;

- бюджеттик финансылоо жана ар кандай фонддордун гранттарынын форматында аткарылган изилдөөлөрдүн натыйжаларын жарыялоо.

3.4. Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору менен макулдашуу боюнча "Бозжол" ФИБ Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте башка багыттар боюнча ишти жүргүзө алат.

## IV. "Бозжол" ФИБдин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги

4.1. Ушул Жободо аныкталган максаттарды жана милдеттерди аткаруу үчүн "Бозжол" ФИБ төмөнкүлөргө укуктуу:

- өз ишин өз алдынча пландаштыруу, уюштуруу жана жүргүзүү;

- таанышуу, тутумдаштырылган эсепке алуу жана жумушта пайдалануу үчүн Ж.Баласагын атындагы КУУга кирүүчү "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча документтерди жана башка маалыматтык материалдарды алуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинен жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн керектүү маалыматтарды,

маалымдама жана башка материалдарды суроо жана алуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрү, башка уюмдар жана мекемелер менен "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча өз ара аракеттенүүнү жүргүзүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун башка факультеттеринин жетекчилигине, мамлекеттик жана коомдук уюмдарга, билим берүү жана илимий мекемелерге философиялык изилдөөлөр методологиясынын маселелери жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана жөнөтүү;

- "Бозжол" ФИБдин жана жалпысынан Ж.Баласагын атындагы КУУнун иштөө формаларын жана ыкмаларын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;

- "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча жыйындарга катышуу;

- "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча документтерге кол коюу жана кол коюу жолу менен жактыруу;

- "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча кызматтык командировкаларга баруу;

- жогорку өндүрүмдүү, сапаттуу эмгектенүү үчүн жумушчу орундарда оптималдуу шарттарды түзүп берүүнү өтүнүү;

- философиялык проблемалар жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү маселелер жаатындагы илимий-изилдөө, билим берүү иштер боюнча ар кандай гранттарды алуу үчүн сынактарга катышуу;

- философиялык проблемалардын ар кандай маселелери боюнча философиялык клубдарды, мектептерди жана башка түзүмдөрдү уюштуруу, дискуссиялык философиялык клубдар жана башкалар аркылуу илимий билимдерди жайылтуу (популярлаштыруу);

- тышкы байланыштарды жүргүзүү, жалпыга маалымдоо каражаттарында өз иши жөнүндө маалыматтарды даярдоо жана жайылтуу;

- Кыргыз Республикасынын илимий борборлору, билим берүү, илимий-изилдөө мекемелери менен, анын ичинде чет мамлекеттердин, ошондой эле эл аралык жана региондук уюмдардын, Кыргыз Республикасынын министрликтери, ведомстволору, ишканалары жана уюмдары менен, анын ичинде чет мамлекеттердин, ошондой эле эл аралык жана региондук уюмдардын, "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча кызматташуу жөнүндө келишимдердин жана макулдашуулардын долбоорлорун даярдоо;

- "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча изилдөөлөрдү жана агартуучулук иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча кызыкдар уюмдардан буйрутмаларды (заказдарды) кабыл алуу;

- конкреттүү милдеттерди аткаруу үчүн келишимдик негизде убактылуу илимий-изилдөө топторду түзүү, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык айкалыштыруу же башка жалдоо тутумунун шарттарында эмгекке акы төлөөнүн өлчөмүн жана тартибин аныктоо менен "Бозжол" ФИБдин ишине айрым жогорку квалификациялуу адистерди тартуу;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жабдууларын, транспортун, кеңсе техникасын, ошондой эле башка мүлкүн жана материалдык ресурстарын, аларды негизги максат боюнча пайдаланууга тоскоолдук кылбастан, пайдалануу;

- финансылоонун жана материалдык ресурстардын кошумча булактарын тартуу;

- өз илимий-техникалык, окуу-усулдук продукциясын, жумуштарын жана кызматтарын сатуу;

- аткарылуучу жумуштарга жана кызматтарга суроо-талаптын негизинде өз ишин пландаштыруу жана өнүктүрүү перспективаларын аныктоо;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген башка иштерди жүргүзүү.

4.2. "Бозжол" ФИБ төмөнкүлөргө милдеттенет:

- өз ишин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Уставына, Ж.Баласагын атындагы КУУнун буйруктарына, тескемелерине жана башка локалдык ченемдик актыларына, ушул Жобого ылайык жүргүзүү;

- жумуштарды аткаруу үчүн Ж.Баласагын атындагы КУУнун кызматкерлерин, Ж.Баласагын атындагы КУУнун факультеттеринин башка адистерин, ошондой эле изилдөөнүн багытына ылайык сырттан тартуу;

- жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүү ишине катышуу;

- философияны үйрөнүү менен аны окутуу жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар менен байланышкан окуу-усулдук иштерди жүргүзүү;

- философиялык проблемалар жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү маселелер боюнча изилдөө ишин уюштуруу;

- ар кандай жалпы жана атайын философиялык маселелер жана коштолгон дисциплиналар аралык мүнөздөгү проблемалар боюнча илимий-билим берүү иш-чараларды (семинарларды, тегерек столдорду, конференцияларды жана башкаларды) өткөрүү;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигинин "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү болгон жеке тапшырмаларын аткаруу;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча келишимдерден жана макулдашуулардан келип чыгуучу милдеттенмелерди аткаруу;

- мүлктүн сакталышын жана так максатка ылайыктуу түрдө пайдаланылышын камсыздоо.

4.3. "Бозжол" ФИБ жана анын кызматкерлери төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү болот:

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын сактабоо;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актылары менен каралган документацияны ылайык эмес жүргүзүү;

- "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча ишенимдүү маалыматты туура эмес көрсөтүү;

- изилдөө жана билим берүү программаларын жана долбоорлорун өз убагында эмес жана сапатсыз аткаруу;

- эмгек тартибин, ошондой эле эмгекти коргоо ченемдерин, өрт коопсуздугунун жана коопсуздук техника эрежелерин сактабоо.

## V. "Бозжол" ФИБдин түзүмү, башкаруусу жана ишин уюштуруусу

5.1. "Бозжол" ФИБдин түзүмү жана штаттык курамы "Бозжол" ФИБдин директорунун сунуштамасы боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан аныкталат жана бекитилет.

5.2. "Бозжол" ФИБди Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директор башкарат. "Бозжол" ФИБдин директору жок болгон учурда анын милдеттерин "Бозжол" ФИБдин кызматкерлеринин бири аткарат.

5.3. "Бозжол" ФИБдин кызматкерлери "Бозжол" ФИБдин директорунун сунуштамасы боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун буйругу менен дайындалат. Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык "Бозжол" ФИБдин ар бир кызматкери менен эмгек келишими түзүлөт.

5.4. "Бозжол" ФИБдин директору:

- "Бозжол" ФИБдин ишине жалпы жетекчиликти жүргүзөт;

- "Бозжол" ФИБге жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын, ошондой эле "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун буйруктарынын, тескемелеринин жана башка локалдык ченемдик актыларынын, жетекчилигинин тапшырмаларынын өз убагында жана сапаттуу аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликтүү болот;

- "Бозжол" ФИБдин кызматкерлеринин функционалдык милдеттерин бөлүштүрөт;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине "Бозжол" ФИБдин ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;

- "Бозжол" ФИБдин ишин күнүмдүк жана перспективдүү пландаштырууга, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" ФИБге жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга тиешелүү буйруктарын, тескемелерин жана башка локалдык ченемдик актыларын даярдоого катышат;

- "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет мамлекеттердин, эл аралык жана региондук уюмдардын мамлекеттик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, ишканаларында, мекемелеринде жана уюмдарында "Бозжол" ФИБдин атынан чыгат;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине "Бозжол" ФИБдин өздөрүн өзгөчө көрсөткөн кызматкерлерин ведомстволук жана башка сыйлыктар менен сыйлоо үчүн талапкерлерди тартуулайт;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилигине белгиленген тартипте "Бозжол" ФИБдин компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөө борборлору, ошондой эле тиешелүү эл аралык жана региондук уюмдар менен кызматташуу жөнүндө келишимдерди жана макулдашууларды түзүү тууралуу сунуштарды киргизет;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан болочок буйрутмачылар (заказчылар) менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, келишимдердин (контракттардын) долбоорлорун кол коюуга даярдоо боюнча жумушту уюштурат, келишимдерде (контракттарда) каралуучу жумуштардын аткарылышын камсыздайт, келишимдер (контракттар) боюнча жумуштарды аткаруу үчүн аткаруучуларды аныктайт;

- финансылык тартиптин сакталышын камсыздайт;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору менен макулдашуу боюнча башка ыйгарым укуктарды жүргүзөт.

5.5. "Бозжол" ФИБдин изилдөө жана билим берүү иши Ж.Баласагын атындагы КУУнун жетекчилиги тарабынан бекитилүүчү күнүмдүк жана перспективдүү пландардын жана программалардын негизинде жүргүзүлөт.

5.6. Бюджеттен тышкаркы булактардан финансылануучу изилдөөлөрдү жана жумуштарды пландаштыруу тышкы буйрутмалар (заказдар) портфелине ылайык ишке ашырылат.

5.7. "Бозжол" ФИБдин ишин координациялоону Ж.Баласагын атындагы КУУнун илимий иштер боюнча проректору жүргүзөт.

5.8. Ж.Баласагын атындагы КУУнун атынан буйрутмачылар (заказчылар) менен келишимдерди (контракттарды) Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору түзөт.

## VI. "Бозжол" ФИБдин бюджеттен тышкаркы ишинин экономикалык негизи

6.1. "Бозжол" ФИБдин буйрутмачылар (заказчылар) менен мамилелерин жөнгө салуучу негизги документ болуп Ж.Баласагын атындагы КУУ менен буйрутмачынын (заказчынын) ортосунда түзүлүүчү келишим (контракт) эсептелет.

6.2. "Бозжол" ФИБдин ишин финансылоонун төмөнкү кошумча булактары болушу мүмкүн:

- "Бозжол" ФИБдин ишине финансылык колдоо көрсөтүүчү жеке жана юридикалык жактардан же конкреттүү иштеп чыгуулардан түшүүчү каражаттар;

- илимий-техникалык жана окуу-усулдук продукцияны түзүүгө (өткөрүп берүүгө) жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн илимий-техникалык жана окуу-усулдук продукциянын буйрутмачыларынан (заказчыларынан) түшүүчү каражаттар.

6.3. "Бозжол" ФИБ өз ишин жүргүзүү үчүн штаттык кызматкерлерди, ошондой эле Ж.Баласагын атындагы КУУнун студенттерин, аспиранттарын, үчүнчү жактын уюмдарынын кызматкерлерин айкалыштыруу шарттарда, ошондой эле илимий-изилдөө топторду түзүү жолу менен же жарандык-укуктук келишимдер боюнча тарта алат.

6.4. Үчүнчү жактын уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык жүргүзүлөт.

6.5. "Бозжол" ФИБ өз чарбалык ишинде эмгекти уюштуруунун жаңы натыйжалуу формаларын пайдаланууга укуктуу.

## VII. "Бозжол" ФИБдин мүлкү жана финансы-чарбалык иши

7.1. "Бозжол" ФИБдин финансы-чарбалык иши "Бозжол" ФИБге бекитилген материалдык-техникалык базада, ошондой эле "Бозжол" ФИБдин ишинен түшкөн каражаттардын эсебинен түзүлгөн базада жүргүзүлөт.

7.2. "Бозжол" ФИБдин ишин материалдык-финансылык камсыздоо булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- илимий-изилдөө, билим берүү, консультациялык, басма жана өндүрүштүк-коммерциялык жана башка мыйзамдуу иштерден алынган кирешелер;

- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелер, ишканалар, жеке жактар жана башкалар менен келишимдерди аткаруу үчүн түшүүчү каражаттар;

- илимий-техникалык жана окуу-усулдук продукциясын сатуудан түшүүчү каражаттар;

- келишимдик негизде жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн түшүүчү каражаттар;

- коомдук жана илимий фонддордон түшүүчү каражаттар;

- жеке жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары жана максаттуу салымдары;

- жеке жана юридикалык жактар тарабынан акысыз негизде берилген демөөрчүлүк каражаттар жана гранттар;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

7.3. "Бозжол" ФИБ тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын баалары жана тарифтери эсептөөлөр жана сметага ылайык Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун буйругу менен белгиленет.

7.4. "Бозжол" ФИБдин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн формасы жана өлчөмү, ошондой эле үстөк акылар жана премиялар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы эмгек мыйзамдарына, Ж.Баласагын атындагы КУУ менен анын кызматкерлеринин ортосунда жамааттык келишимине ("Эмгек акы жөнүндө жобо"), Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык белгиленет.

7.5. "Бозжол" ФИБдин каражаттарын чыгымдоо тартиби ушул Жобо (7.3. пункту) жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректорунун буйругу менен аныкталат.

## VIII. "Бозжол" ФИБди жоюунун же кайра уюштуруунун тартиби

8.1. "Бозжол" ФИБдин ишин, аны жоюу же кайра уюштуруу түрүндө, токтотуу Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына ылайык жүргүзүлөт.

8.2. "Бозжол" ФИБ жоюлган же кайра уюштурулган учурда "Бозжол" ФИБдин кызматкерлерин кадрдык алмаштыруулары жана ээлеген кызмат орундарынан бошотуулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жана Ж.Баласагын атындагы КУУда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

8.3. "Бозжол" ФИБдин документтери Ж.Баласагын атындагы КУУнун локалдык ченемдик актыларына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сакталат.

8.4. "Бозжол" ФИБдин сактоого милдеттүү болгон бардык документтери, ал жоюлган же кайра уюштурулган учурда, белгиленген тартипте укук мураскорлоруна, ал эми алар жок болгон учурда – Ж.Баласагын атындагы КУУнун архивине өткөрүлүп берилет.

## IX. "Бозжол" ФИБ жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби

9.1. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим "Бозжол" ФИБдин сунушу боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынат жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору тарабынан бекитилет.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун "Бозжол" философиялык изилдөө борбору тарабынан даярдалды.
Аткаруучу: Тургунбеков Ж.Р.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
"Бозжол" философиялык изилдөө борбору жөнүндө жобо

Макулдашылды:

| | | |
|---|---|---|
| Илимий иштер боюнча проректор | | Камчыбек уулу Мырзабек |
| КУУнун Окумуштуулар кеңешинин катчысы | | Керимканова Ж.Ж. |
| Юридика бөлүмүнүн башчысы | | Токтоналиев Р.К. |
| Пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы | | Мамаева А.Б. |
| Кадрлар башкармалыгынын башчысы | | Жайнакова А.А. |
| Жалпы бөлүмүнүн башчысы | | Турдуманбетова Э.К. |
| "Бозжол" ФИБдин директору | | Абдрасулов С.М. |